Себелеп жамгыр төксө айланага,

Сезимдер калган өңдүү ай-талаада.

Алыста жалгыз калган ак куу сымал,

Түгөйсүз кыйын тура,

Түгөйсүз кыйын тура бул жалганда.

Алыста жалгыз калган ак куу сымал,

Түгөйсүз кыйын тура,

Түгөйсүз кыйын тура бул жалганда.

Учса да канаттуулар эки-экиден,

Учууга канатым жок мен издеген.

Сагынып кусаланып жүрсөм дагы,

Үмүт бар жолугууга,

Үмүт бар жолугууга чын сүйүүдөн.

Сагынып кусаланып жүрсөм дагы,

Үмүт бар жолугуу

Үмүт бар жолугууга чын сүйүүдөн.

Элесиң калсын менде кылымдарга,

Унутпайм жүрөгүмдө сезим барда.

Жашоомдо канча жылдар калса дагы,

Бир сага арзуу айтам,

Өзүңө арзуу айтам бул ырларда.

Жашоомдо канча жылдар калса дагы,

Сагынчым айтып жатам,

Сүйгөнүм сен деп жатам, бул ырларда.
Бир сага арзуу айтам бул ырларда.